Өмүрүнүн соңуна чейин марксизмдин идеяларына сугарылган, коммунисттик моралдын, адеп-ахлакты алып жүрүүчүсү бойдон кала берди. Коммунисттик идеялардан тайбаганын көрсөтү.

**Пайдаланылган адабияттар:**


1. Аскаров Т. Эстетическая природа художественной условности. -Ф.: Илим 1966.-156.
2. Аскаров Т. Образдуу ой жүгүртүүнүн чексиздиги. –Б.:Кыргызстан, 2001.-128 б.
3. Аскаров Т., Жаныбеков Ж., Н. Кулматов. Кыргыз философиясы (Х-ХХ1 кк.) окуу куралы. –Ош.,2006.-200 б.
4. Т.А.Аскаров, Ы.М. Мукасов. Роль художественного наследия кыргызов в познании социокультурного процесса.- Б.: Илим, 2008.-153 с.
5. Аскаров Т. Поиск абсолюта – творческое кредо Чингиза Айтматова. – Б.:2010.-206 с.
6. Аскаров Т. Элдик философия: башаты жана баскан жолу. – Б.:2017.- 158 б.
7. Жетимишев С.Эл арасында (Жаңы кумарчы) Роман.-Экинчи китеп.- Б: Бийиктик, 2007.- 480 б.
8. Ибраимов О. История кыргызкой литературы ХХ века: (том второй). – Б.: "Бийиктик", 2013. – 512 с.
9. Кыргыз Республикасынын жазуучулары: Маалымдама.1-том. –Б. Дэми, 2008.-73 б.


**Рецензент: филос.и.д., профессор Саралаев Н.К.**


УДК:316.35.
DOI 10.33514/1694-7851-2020-3-25-28



**Жунушова Г. М.**
Филос.и.к., КР УИАнын А. А. Алтымышбаев атындагы философия, укук жана социалдык-саясий изилдөөлөр институту
**Жунушова Г. М.**
к.филос. н., Социальной философии, эстетики и этики
Института философии, права и социально-политических исследований им. А. А. Алтмышбаева НАН КР
**Zhunushova G. M.**
cand.philos.s., Social philosophy, aesthetics and ethics
Institute of philosophy, law and socio-political researches named after A. A. Altymyshbaev
**e - mail:** junushova2018@mail.ru


## ЧЫГААН ИЛИМПОЗ, ЧЫНЫГЫ ЭСТЕТ ЭЛЕ
## ИЗВЕСТНЫЙНЫЙ УЧЕНЫЙ И ИСТИННЫЙ ЭСТЕТ
## FAMOUS SCIENTIST AND TRUE ESTHETE


**Аннотация:** Макала эстетик-философ, таланттуу сынчы катары кыргыз илиминде ъчпъс изин калтырган белгилүү окумуштуу Т.Аскаровдун элесине арналат.



**Негизги сөздөр:** эстетика, илим, адабий сын, эстетикалык табит, идея.



**Аннотация:** Статья посвящается известному ученому и талантливому критику Т. Аскарову, который оставил яркий след в кыргызской философской науке.



**Ключевые слова:** наука, этический вкус, идея, эстетика, художественная критика.

**Annotation:** The article is debicated to the famous scientist and talented critic T. Askarov, who will leave a bright mark on Kyrgyz philosophical science.
**Key words:** science, idea, art criticism, reticular taste

Жакында эле шум ажал кыргыз элинин улуу инсаны, чыгаан философ, жана коодук ишмер - Аскаров Тендик Аскаровичти арабыздан алып кетти. Бул илимий коомчулук үчүн, агай иштеген Улуттук илимдер академиясынын Философия жана саясий-укутук изилдөөлөр институту үчүн орду толгус чоң жоготуу болду. Т. Аскаров - кыргыз адабияты жана философия илиминин өнүгүшүнө талыкпай эмгек кылган инсандарыбыздын бири. Ал эстетик-философ, белгилүү окумуштуу, таланттуу сынчы катары кыргыз илиминде өчпөс изин калтыра алды.

Т.Аскаров Токтогул районуна караштуу Коңур Өгүз айылында 1937-жылы туулган. 1960 жылы Кыргыз мамлекеттик университетинин филология факультетин бүтүргөн. Адабият майданына 57-жылдарында студент кезиинде эле келди. Анын алгачкы макаласы “Шыдыр уйкашты жерүүгө болобу” деп аталып “Ала Тоо” журналына чыккан. Ал Илимдер академиясынын Философия жана укук институтунун аспирантурасында окуп бүтүргөн соң “Эстетическая природа художественной условности” деген темада кандидаттык диссертациясын ийгиликтүү коргогон. 1966-жылы ушул эле аталыштагы илимий моногорафиясы жарыкка чыгат. Анда көркөм шарттуулуктун адабиятта жана искусстводонун өнүгүшүндө алган орду жана эстетикалык мааниси каралган. Окумуштуу алгачкылардан болуп көркөм шарттулук проблемасын изилдеген. Ар кайсы мезгилде чыккан жергиликтүү дагы башка улуттардын дагы адабий чыгармалары анализге алып, бай фактылык материалдар аркылуу шарттулук маселесин эң мыкты ачып берген.

Т. Аскаров сынчылдык ишмердүүлүгүнүн алгачкы мезгилдеринде эле абдан олуттуу илимий жактан негизделген макалаларды жазган. Алсак “За активность литературной критики” деген макаласы “Литературный Киргизстан” газетасына чыгат. Кийинки жылы тагыраак айтсак 1964-жылы Москвалык окумуштуулар тарабынан жактырылып, “Вопросы литературы” деген белгилүү журналга жарыяланат. Бул жаш илимпоздун конструктивдүү көз караштары союздук масштабда колдоого ээ болгондугунун белгиси эле. Т.Аскаровдун “Адабий сындагы теориялык проблемалардын коюлушу” деген макаласы да абдан кызыктуу. Анда алгачкылардан болуп кыргыз адабий сынынын өгүү жолун эстетикалык жактан изилдөө идеясын көтөрүп чыккан. Бул оюубузду автордун “ушул кезге чейин биздин адабий сындын, жалпы эле көркөм ойлообуздун үзүк-үзүк, фрагментардуу тарыхы жазылып, алардын “чийки” материалдары гана топтолуп жатат. Ошол бириндеген, чачыранды сырьелорду ырааттуу бир системага келтирүү иши баштала элек. Башкача айтканда кыргыз элинин көркөм ойлоо өзгөчөлүктөрүн, адабий сындын өсүш процесстерин эстетикалык-теоретикалык аспектиде изидөө жумушу баштала элек”[1, 4-б.] - деген сөздөрү далилдеп турат.

Адабий сындын эстетикалык таанып билүү өзгөчөлүктөрүн теориялык- философиялык аспектиден изилдөө маселесин күн тартибине коюу керектигин баса белгилеген. Андан ары автор кыргыздардын көркөм аң сезими улуттук же жергиликтүү аймактан алда качан чыгып, дүйнөлүк маданиятка, илимге жакындап, эстетикалык баалуулуктар системасынын масштабы кеңейип жаткандыгын белгилейт. Ал эми окумуштууларыбыз болсо философиянын закондорун үйрөнүшүп, абстрактуу ойлонуу мүмкүнчүлүктөрү кеңейип аң-сезимдин илимий баскычына жетип калгандыктан, улуттук маданиятка жана сынга эстетикалык-философиялык мамиле жасоо милдети бышып жетилгендигин белгилейт

Ушул эле макаласында автор адабий сындын теориялык-методологиялык маселелерине да токтолгон. Сындын объектиси, предмети, сындын функциялдык милдеттери тууралуу концептуалдуу теориялык ойлорун айткан. Автордун пикири боюнча

сындын теориясы менен сындын практикалык маанисинин ортосунда айрымачылык бар дейт. “Биринчи учурда изилдөөчүгө проблема өзүнүн эстетикалык-философиялык аспекти менен бурулуп берет. Экинчи учурда болсо алдыңкы планда сындын күндөлүк практикада чечүүгө тийиш болгон милдеттеринин жыйындысы турат. Сындын теориясы – бул биринчи кезекте сынды эстетикалык таанып билүү категориясы катарында, чыгарманы жаратуу жана ага баа берүүнүн диалектикалык бирдигин аныктоочу категория катарында илимий жалпылоо, түшүнүү болуп саналат” [1.6-б.]. Бул жерде автор сындын теориялык – методологиялык проблемаларын жалпы философиянын контекстинде кароо керектигин айтып жатат. Анткени сын коомдук аң-сезимдин өзгөчө бир формасы жана эстетикалык таанып билүү категориясы болгондуктан ага философиялык мамиле жасоо маселесин сунуштаган.

Бул макала 60-жылдарда жазылгандыгын эске ала турган болсок философ-сынчынын калемине таандык абдан чечкиндүү жана жаңы идея эле. Анткени, профессинал сын 50-жылдары гана калыптана баштаган, сынды философиялык эмес филологиялык деңгээлде системага салып изилдөө практикасы жок эле. Арадан кыска гана тарыхый убакыт өткөн. Т.Аскаров да илимий чөйрөгө эми гана аралашып жаткан маалы эле, бирок ошого карабастан таланттуу илимпоз сынга философиялык мамиле кылуу керектигин жаш экендигене карабай көрөгөчтүк менен баса белгилейт. Бул өз кезегинде жана бүгүнкү күндө да абдан маанилүү жана актуалдуу маселе бойдон калууда.

Макалада автор адабий сындагы кемчилдиктерге да токтолуп өткөн. Адабий сын илимий татаал проблемаларды коюда жана иштеп чыгууда демилгесиздикти, жүрөк заадалыкты көрсөтүп жатат дейт. Адабий сынды жана адабиятты өнүктүрүү үчүн чыгармачылык аянтты кеңейтүү керек, жалпы союздук жана жалпы искусстволук проблемалар менен байланышта кароо керектигин айтуу менен, турмуш койгон маселелерди өз убагында түшүнүүгө өзүбүздүн кудуретибиз жетпесе, эмне үчүн башкалардан үлгү алууга болбойт деген суроону коет. Чындыгында кыргыз адабий сыны өз алдынча көптөгөн теориялык проблемаларды чечүүдө тажрыйбасы аз эле, муну Т.Аскаров туура түшүнүп илимдин кызыкчылыгы үчүн башка тажрыйбалуу, искусствосу жана илими ар тараптуу өнүккөн элдердин маданиятынан үйрөнүүгө үлгү алууга чакырат.

Т. Аскаровдун чыгармачылык ишмерүүлүгүнүн диапазону абдан кеңири. Ал адабият майданында абдан активдүү иштеп, кыргыз адабиятынын өнүгүшүндө барандуу салым кошо алды. 2000-жылы улуу акын С.Эралиевдин чыгармачылыгына арнап “Образдуу ой жүгүртүүнүн чексиздиги” деген көлөмдүү эмгеги чыккан. Бул эмгекте автор С. Эралиевдин “Жылдыздарга саякат” поэмасына жана “ак ыр” темасында ой толгойт. Айта турган болсок дал ушул поэма үчүн Т.Аскаров Б. Маленов менен курч полемикага чыккан эле, себеби Б. Маленов акындын поэмасын жаңычылдык жок, эркин ыр формасы да биздин поэзияга жат көрүнүш экендигин айтып чыгат. Т. Аскаров болсо поэма илимий-техникалык революция маалында мезгилдин духуна ылайык жазылган чыгарма катары баалап, эркин ыр формасында чагылдырышы адамдын чыгармачылык ой жүгүртүүсү татаалданышып, жаңы жээктерди ачып жаткандыктан поэзия да бир орунда турбастыгын белгилеген.

Т.Аскаров алгачкылардан болуп кыргыз адабий сынынын өгүү жолун эстетикалык жактан изилдөө идеясын көтөрүп чыккан. Адабий сындын эстетикалык таанып билүү өзгөчөлүктөрүн теориялык-философиялык аспектиден изилдөө маселесин күн тартибине коюу керектигин баса белгилеген. Автор кыргыздардын көркөм аң сезими улуттук же жергиликтүү аймактан алда качан чыгып, дүйнөлүк маданиятка, илимге жакындап, эстетикалык баалуулуктар системасынын масштабы кеңейип жаткандыгын белгилейт. Ал эми окумуштууларыбыз болсо философиянын закондорун үйрөнүшүп, абстрактуу ойлонуу мүмкүнчүлүктөрү кеңейип аң-сезимдин илимий баскычына жетип калгандыктан, улуттук маданиятка эстетикалык-философиялык мамиле жасоо

милдети бышып жетилгендигин баса кърсъткън. Сынчынын адабий процесстеги орду абдан жоопкерчиликтүү. Ал чыгарманын жана анын авторунун тагдырын чечип жаткандыктан, жазуучунун алдында нравалык жактан милдети чоң. Анткени сынчы өң тааныштыкка салбаган принципиалдуу, адилеттүү болушу зарыл. Авторду башынан аягына чейин мактаган апплогетивдүү, комплементардык же болбосо, жалаң кемчилдик издеген бир жактуулукту көздөгөн субъективдүү болбошу керек. В. Белинский дүйнөгө Н. Гогольду таанытканы менен таланттуу акын Евгений Баратынский тууралуу терс пикир айткандыгы үчүн акын көпкө чейин элге чыга албай калган экен. Ошондуктан сынчылдык кесип нравалык жоопкерчиликти жүктөйт жана сын дилетанттуулукту кечирбейт.

Сынчы биринчиден, адабий билими болушу керек, б.а. ал жалпы адабий процессти мыкты өздөштүрүшү керек жана эстетикалык мыкты табитке ээ болуу, ошондо гана көркөм баалуулугу жогору чыгарманы башкалардан айрымалай алмакчы. Экинчиден, принципиалдуу жана табиятынын мыкты аналитик болушу милдет. Акыркысы жнан эң башкысы ал текст менен иштөөсү керек, анын көркөм-эстетикалык баалуулугун жалпы искусствонун контекстинде карай билиши керек. Т.Аскаров илимий-методологиялык, теориялык билими жетиштүү, жеке илимий концепсиясы бар, оригиналдуу жана индивидуалдуу ой жүгүртүү мүмкүнчүлүгү бар адис экендигин далилдеди. Алар улуттук адабияттын баардык проблемаларын ар тараптуу иликтөөгө аракеттер жасашты. Натыйжада кыргыз адабияты жана сын илими союздук аренага чыгып, советтик мейкиндикте жашаган башка улуттардын адабиятынан кем калышпай өнүктү, кыргыз акын-жазуучулуры, сынчылары дүйнөлүк маданияттын өнүгүшүнө да өз салымын кошо алды.

Т. Аскаров коомдук ишмер катары дагы бир топ ары жооптуу, машакаттуу кызматтарды аркалады. Жазуучулар союзунун търагасынан баштап, Кыргыз ССРинин Жогорку Советинин 4 чакырылыштагы депутаты, андан соё анын търагасы болуп эмгектенди. Кылган эмгектери үчүн “Дружба народов”, “Знак почета” ордени жана “Даёк” медалы менен сыйланган.

1993 жылы “Көркөм процесске философиялык анализ” деген темада докторлук диссертациясын жактаган. 2000 жылы Улуттук илимдер академиясынын мүчө-корреспонденти болуп шайланган. ФжСУИИнун социалдык философия, эстетика жана этика бөлүмүнүн башчысы болуп эмгектенген. 300 ашык илимий эмгектердин, анын ичинен 17 моногрфия жана брошюра, 200 дөн ашык макалалардын автору.

Агай көптөгөн шакирттерди тарбиялаганга жетишип, илимдин доктору, кандидаттарды даярдаган. Алардын катарында мага да агайдын окуучусу болуу бактысы туш болду. Агайдын адамдык сапаты үлгү аларлык эле, баскан турганы, суйлогон сөзү, кийген кийимине чейин ак сөөк адамдын элесин берип турчу. Бирок ошону менен бирге, баары менен эле ачылып сүйлөшө бербеген бир сырдуулугу да бар эле.

Ооба, Теңдик Аскарович чыныгы эстет, мыкты окумуштуу эле. Агайымдын туугандарына шакирттеринин, жалпы эле илимий коомчулуктун атынан терең кайгыруу менен көңүл айтабыз! Аттин агай, жаткан жериңиз жайлуу, ыйманыңыз жолдош болсун деп айткандан башка аргам жок. Сөзү таза, сөөгү таза аксөөк Адам элеңиз. Сиздин элесиңиз биздин жүрөгүбүздө сакталат.

**Пайдаланылган адабияттар.**

1. Аскаров Т. Көркөм образдар дүйнөсүндө. Ф., 1967.
2. Аскаров Т. Высокое призвание критики .Ф., 1972. - 68 с.
3. Аскаров Т. Жаёылануу жолунда Ф.,1983. - 163 б.

**Рецензент: филос.и.д., профессор Стамова Р.Д.**